# КЕСИПТИК ОКУУ

# ПРОФЕССИОНАЛЬНОЕ ОБУЧЕНИЕ

*Оморов Ш.Д.*
*Ошский Государственный Университет*

## ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКА УЧУРУНДА ИНСАНДЫН КЕСИПКЕ ДАЯР БОЛУШУ

## ПРОФЕССИОНАЛЬНАЯ ПОДГОТОВКА ЛИЧНОСТИ ВО ВРЕМЯ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ПРАКТИКИ

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *багыттоо, компетенция, моделдештирүү, окутуунун технологиясы, модулдук рейтинг, интеграциялоо процесси, математика мугалиминин кесиптик-методикалык ишмердүүлүгү, таанып-билүү, методдор, принцип, методология, педагогикалык практика.*

***Ключевые слова:*** *ориентация, компетенция, моделирование, технология обучения, модульный рейтинг, процесс интеграции, профессионально-методическая деятельность учителя математики, познание, методы, принцип, методология, педагогическая практика.*

Студенттердин педагогикалык практика учурунда кесипке калыптануусун бүтүндүк процесс катары кароо керек. Мында математика мугалими кесипке тиешелүү ар кандай ишмердүүлүктөрдү элементтеп жана системалуу түрдө иш жүзүнө ашыра ала турган инсандын бүтүндүк сапатына ээ болуусу күтүлөт. Инсандын кесипке калыптануусун, даяр болушун төмөндөгүдөй түшүнүшөт.

Ар кандай ишмердүүлүктө ийгиликтүү аткаруунун алгачкы фундаменталдык шарты, ишмердүүлүккө даяр болуу абалын татаал билим берүү катары түшүнүү керек. Ал динамикалык структурага ээ жана анын компоненттеринин арасында функционалдык көз карандылык жашайт.

Көптөгөн изилдөөчүлөр (В.И.Селиванов, Н.Т.Ковалевский, Б.Ф.Райский ж.б.) багыт берүүчүнүн жана аткаруучунун үзгүлтүксүз биримдигин даярдык катары түшүнүшөт.

Бардык даярдыктар өз ара байланышкан үч компоненттен турат:

1) таанып билүүчүлүк; 2) эмоционалдуулук; 3) тартиптүүлүк Илимий адабияттарда даярдыктарга карата «психологиялык даярдык», «кесиптик даярдык» түшүнүктөрү колдонулат.

Психологиялык даярдык проблемасын изилдеп келип М.И.Дъяченко, Л.А.Кандыбович психологиялык даярдык бул максаттуу багытталган ишмердүүлүктүн иш жүзүндө аткарылышынан келип чыккан жыйынтык (анын иш жүзүнө ашышы, туруктуулугу жана эффективдүүлүгү) экендигин көрсөтүшкөн.

Демек, кесипке калыптануунун структурасына төмөндөгүлөр кирет: 1) кесиптердин тигил же бул түрүнө туура мамиле жасоо; 2) кесиптик ишмердүүлүктүн мүнөзүнө жараша талап коюу; 3) ийгиликтүү ишмердүүлүк үчүн билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн болушу; 4) туруктуу кесипке тиешелүү болгон эмоционалдык жана эрктүүлүк сапат-тарынын болушу. Мугалимдердин кесипке калыптануусуна арналган изилдөөлөрдүн анализи төмөндөгү жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берди. Тигил же бул мугалимдик кесипке калыптануусу төмөндөгү керектөөлөрдүн болушун көздөйт: а) мугалимдик кесипке карата маанилүү болгон сапаттар; б) билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн тобу; в) ишмердүүлүктү иш жүзүнө ашыруу.

Инсандын таанып билүү ишмердүүлүгү, педагогикалык ишмердүүлүктүн талаптарына жооп бере турган жана бул ишмердүүлүккө ээ болуудагы ийгиликти камсыз кылуучу, акыл ишмердүүлүгүнүн динамикалык касиеттеринен, өнүккөн акылдын сапатынан жана таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнөн, акыл эмгегинин маданиятынан, мугалимдин инсандык касиеттеринен көз карандылыкта болот.

Жалпы жана атайын билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн тобу - бул студенттердин кесипке калыптануусунун негизги фундаменти болот.

Студенттердин кесипке калыптануусу алынган билимдерин практикада колдонуу билгичтигинен жана жүрүш-туруш эрежелеринин, өздүк социалдык түзүлүшүнөн, окуучулар жана алардын ата-энеси, коллегалар ж.б. лар менен кызматташтык мамиле жасоонун нормаларынын иштелип чыгышынан көрүнөт.

Мугалимдин кесипке калыптануусун түзүүчү структуралар бири-бири менен байланышта, бир бүтүндүктө болуш керек, алардын бирөөсү жок болуп калса анда кесипке калыптанбай калат,

бул болочоктогу математика мугалимдеринин таанып билүү жана кесиптик сапаттарын калыптан-дыруучу процесстин жыйынтыгы.

Кесипке калыптануу татаал структурага ээ болуу менен төмөндөгү өз ара байланышкан компоненттерден турат:

1. Психологиялык-педагогикалык билимдер. Окуучуларды окутуу жана тарбиялоонун маанилүүлүгүн жана коомдо баалуулугун аң-сезимдүү терең түшүнүүсү, коомдук-маанилүү мотивдерге таянуу менен кесиптик ишмердүүлүгүн жогорку деңгээлде аткарууга аракеттенүүсү. Жогорку окуу жайында студенттерди чыгармачыл ой-жүгүртө алган инсан кылып чыгаруу, ошондо гана мугалим окуучуну тарбиялоо проблемасын чече алат.

2. Илимий-теориялык билимдер. Аны математика мугалиминин кесиптик ишмердүүлүгүнө керектүү билимдердин көлөмү мүнөздөйт.

Интеграцияланган билимдерди иш жүзүнө ашыруу төмөндөгү негизги багыттар менен жүргүзүлөт:

а) коомдук-гуманитардык, атайын циклдарды окутууда кесиптик багытталууну күчөтүү;

б) студенттерди методикалык циклдеги предметтерди окутууда бул предметтерди актуалдаштыруу үчүн, кесиптик даярдыктын сапатына таасир бере турган предметтердин теориялык билимдерине таянуу;

3. Практикалык билимдер. Бул, математика мугалиминин кесиптик иш-аракеттеринин келип чыгуучу талапка ылайык калыптанган кесиптик методикалык билгичтиктердин болушуна ылайыкталат:

а) жалпы, окуп-таанып билүү иш-аракеттери;

б) окуу иштерине дал келбей турган атайын ишмердүүлүктөр;

в) сабакка даярдоо процессин ачып көрсөтө турган окуу процессин уюштуруунун негизги бирдиги жана аны уюштуруунун предметтик ишмердүүлүктөрү;

г) изилдөө билгичтигин калыптандырууга таасир этүүчү ишмердүүлүктөрү.

Педагогикалык практиканын эффективдүүлүгүн жогорулатуунун төмөндөгүдөй факторлору такталды:

1. Жогорку окуу жайында окуу процессинин бүтүндүгүн, үзгүлтүксүздүгүн жана улануучулугун камсыз кылуу, окуу предметтерин интеграциялоо;

2. Окутуу менен илимий изилдөөлөрдүн арасындагы байланышты ишке ашыруу менен окуу процессине изденүүчү, чыгармачыл мүнөздү берүү, студенттердин теориялык билимдерин кесиптик ишмердүүлүк практикасында колдонуу билгичтиктерин өнүктүрүү;

3. Жогорку окуу жайларында жана мектепте окуу-тарбия процессинин негизги проблемалары боюнча чыгармачыл жамааттарды түзүү жана илимий-чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн калыптандыруу;

4. Окуу-тарбия процесстерин уюштурууну технологиялаштыруу;

5. Мектепте окутуучулардын студенттер менен бирге кружокторду, ар кандай класстан тышкаркы иштерди өткөрүшү;

6. Студенттердин окуучуларды ар кандай олимпиадага даярдоо иштерин жүргүзүү;

7. Студенттердин илимий иштери боюнча педагогикалык эксперименттерди жүргүзүүсү;

8. Студенттердин эмгегин эффективдүү текшерүү жана баалоо системасын иштеп чыгуу жана аны колдонуу.

9. Педагогикалык практиканын программмасынын структурасын өркүндөтүү.

Педагогикалык практиканын программасына сөзсүз түрдө аткарылуучу тапшырмалар гана эмес, тандоого карата тапшырмаларды, курстук жана бүтүрүүчү иштерине байланышкан тапшырмаларды киргизүү бул студент-практиканттардын өз алдынча жекече иштөөгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Педагогикалык практика учурунда аткарылуучу тапшырмалардын болжолдуу мазмунун берели:

1. Билим берүүчү мекемелердин негизги типтери менен таанышуу (мектеп, гимназия, лицей); педагогикалык процесстин негизги багыттарына, мугалимдин жана класс жетекчинин ишмердүүлүктөрүнө анализ жүргүзүү:

мектеп, гимназия, лицейлердин, класстын, группанын жалпы окуу-тарбия иштеринин уюштурулушу менен таанышуу; директордун, анын орун басарларынын, мугалимдердин жана класс жетекчилердин ишмердүүлүктөрүнө байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү; мугалимдердин жана класс жетекчинин окуучулар менен иштөө ишмердүүлүгүнүн стилин анализдөө; окуу-тарбия иштерин уюштурууларына байкоо жүргүзүү; теориялык алган билимдери менен талданып жаткан педагогикалык процесстердин байланыштарын аныктоо.

2. Мугалимдердин жана класс жетекчинин кесиптик-педагогикалык иштериндеги негизги багыттары, окуу-тарбия ишмердүүлүктөрүнүн мазмуну жана шарттары менен таанышуу: студенттерди педагогикалык ишмердүүлүккө кошуу, аларды окуу-тарбия иштерин жүргүзүү кесиптик билгичтиктерине калыптандыруу; окуучулар менен мамиле түзүү, алардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү, ар кандай жаштагы окуучулар менен окуу-тарбия иштерин жүргүзүүнүн өзгөчөлүгү; класстын окуучуларынын

жамаатынын астындагы конкреттүү маселелерди аныктоо жана чечүү; окуучулардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аларга педагогикалык таасир этүү үчүн методдорду тандоо жана колдонуу.

3. Конкреттүү билим берүү аймагында, мугалимдин кесиптик ишмердүүлүктөрү менен таанышуу.

Математика мугалиминин кесиптик – педагогикалык билгичтиктерин калыптандыруу: Сабактагы жана сабактан тышкаркы убакытта берилүүчү билим берүүчү, өнүктүрүүчү жана тарбиялоочу маселелерди аныктоо жана чыгаруу; окуу материалдарын тандоо жана окутуунун ар кандай методдорун, ыкмаларын, каражаттарын жана маалыматтык компьютердик технологияларды колдонуу; мугалимдердин, студент-практиканттардын жана өзүнүн окуу-тарбия иштерин жүргүзүүсүнүн сапатын анализдөө; долбоорлоо ишмердүүлүгүнүн технологиясын билүүсү;

окуучуларга окутуунун багыттарын тандоого жардам берүү;

4. Аныкталган билим берүү багыттында класста аткарылуучу жана класстан тышкаркы иштерди жүргүзүү: предмет боюнча окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн деңгээлин аналитикалык түрдө үйрөнүү; педагогикалык практика учурунда сабактардын, кружоктун же математика боюнча класстан тышкаркы иштердин конспектилерин же толук пландарын иштеп чыгуу; сабакка же класстан тышкаркы иштерге дидактикалык материалдарды, көрсөтмө куралдарды ж.б. даярдоо; математика боюнча сабактарды жана класстан тышкаркы иштерди өткөрүү, сабактын өтүлүшү боюнча өздүк анализ жасоо; мугалимдердин жана практиканттардын сабактарына катышуу, сабактарга анализ жасоо; окуу-тарбия иштеринин бардык түрлөрүн өткөрүүгө план түзө алуу; ата-энелер менен иштөө; педагогикалык ишмердүүлүккө илимий-чыгармачыл жана рефлексивдүү мамиле жасоону калыптандыруу.

5. Математика мугалиминин, класс жетекчинин функцияларын аткаруу, кесиптик компетенттүүлүктүн негиздеринин пайда болушу:

билим берүү мекемелеринин бардык типтеринин окуу-тарбия иштеринин системалары менен тааныш болушу; окуу-тарбия ишмердүүлүгүнө катышкан окуучулардын психологиялык аспектилерин билүү; сабактардын жана класстан тышкаркы иштердин системасынын планын өз алдынча иштеп чыгуу жана ага психологиялык-педагогикалык анализ жүргүзүү; класс жетекчинин планына туура келген тарбия иштеринин планын түзүү жана өткөрүү.

**Адабияттар:**


1. Абдуллина О.А. Общепедагогическая подготовка учителя в системе высшего педагогического образования.- М.: Просвещение, 1984. – 280 с.
2. Абылкасымова А.Е. Формирование познавательной самостоятельности студентов-математиков в системе методической подготовки в университете: - Дисс. д-ра. пед. наук: - Алматы: 1995.-291 с.
3. Дьяченко М.И. Кандыбович Л.А. Психологические проблемы готовности к деятельности: Минск: Изд-во БГУ им. В.И. Ленина, 1976.-175 с.
4. Торогельдиева К.М. Педагогические программные средства /Сб. научн. трудов. КИО.- Вып. 3. -Бишкек: 1999. -С.44-48.